- Кеңештин иш-аракеттерине катышуу;
- Үй-бүлөө, билим берүү мекемелери жана баланын жакын чөйрөсү менен баланын кызыкчылыктары үчүн байланыш түзүү;
- Социалдык коргоо органдары жана башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташтык түзүү

## II. Кызмат милдеттер

Социалдык педагог төмөнкү кызмат милдеттерин аткарат:
1. Оор турмуш акыбалдагы балдарды табууга көмөк көрсөтөт, бул:
- ата-энеси тарабынан кароосуз калган балдар;
- ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар;
- мыйзам менен келише албастыкта болгон балдар;
- тобокелдикте/ зомбулуктан жапа чеккен балдар;
- эмгектенген жана мектепке барбаган балдар;
- тобокелдик топтогу балдар жана ошондой эле аялуу жана кооптуу абалдагы балдар.
2. Жогоруда көрсөтүлгөн балдардарга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен керектүү социалдык жардам жана колдоо көрсөтөт.
3. Оор турмуш акыбалдагы балдарды коргоо жана өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууга көмөк көрсөтөт.
4. Оор турмуш акыбалдагы балдарды ийгиликтүү адаптациялоо жана социализациялоо үчүн иш-чараларга тартуу боюнча иш-аракеттерди уюштуруу.
5. Оор турмуш акыбалдагы балдар жана жаш өспүрүмдөр, балдарды мектепке даярдоо класстарындагы балдар боюнча баардык маалыматты камтыган мектептин социалдык паспортун өз убагында тариздөө.
6. Жыйынтыктоочу отчеттор менен статистикалык маалыматтарды даярдоо.
7. Үзгүлтүксүз түрдө профессионалдык квалификацияны жогорулатуу.
*8. Көмөк көрсөтөт:*
- Билим алып жаткандардын укугун жана эркиндигин ишке ашырууда, жашоо жана ден соолуктун коргоосун камсыз кылган ыңгайлүү жана коопсуз айлана-чөйрөнү түзүүдө;
- Социалдык чөйрөдө гумандуу жана ахлак-адептүү ммамилелерди түзүүдө, балдардын маселелерин чечүүдө ата-энелер менен коомчулукту чакырууда;
- Педагогикага багытталган чөйрөнү түзүүдө;

## IV.Укуктар

Социалдык педагог төмөнкүлөргө укуктуу:
4.1. Мектептин уставы тарабынан каралган тартипте мектепти башкаруу иш-чараларына катышуу;
4.2. Кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;